DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-173-179
УДК: 373.2

***Мадалиева С. А.,*** *улук окутуучу*
*smadalieva1@gmail.com*
*ORCID: 0009-0008-8017-0566*
***Мейманбек кызы Ү.,*** *магистрант*
*umutaimeimanbekeva@gmail.com*
*ORCID: 0000-0001-2345-6768*
*ОшМПУ, Ош ш., Кыргызстан*

# МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО ТАЙПАЛАРЫНДА БАЛАНЫН КЕБИН ӨСТҮРҮҮДӨ ЫР, ТАБЫШМАК, ЖАҢЫЛМАЧТАРДЫ ОКУТУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

*Мектепке даярдоо тайпаларында ыр, табышмак жана жаңылмачтарды колдонуу – бул балдардын чыгармачылыгын, тилдик жана когнитивдик өнүгүүсүн колдоочу маанилүү ыкмалардын бири. Булардын ар бири балдардын психологиясына, сезимдерине жана ой жүгүртүүсүнө өзүнчө таасир этет. Макалада ыр, табышмак, жаңылмачтарды колдонуу аркылуу мектепке даярдоо тайпаларында жетишкендиктерди жана алардын пайдалуулугун талкуулайбыз. Ыр, табышмак жана жаңылмачтар мектепке даярдоо тайпасы үчүн абдан пайдалуу усулдардын бири болуп саналары белгилүү. Алар балдардын тилдик, логикалык жана акыл-эстик өнүгүүсүнө гана эмес, моралдык жана этикалык принциптерди үйрөнүүсүнө да жардам берет. Тарбиячылардын ишмердүүлүгүндө бул элементтер кеңири тажрыйба жана маанилүү билимдерди сунуштайт, ал эми балдардын коомдук чөйрөдө ийгиликтүү социалдашуусуна өбөлгө түзөрүнө ынанабыз. Мектепке чейинки билим берүүдө жаңылмачтар өзгөчө орунду ээлейт. Алар балдардын тилдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө жана чыгармачыл ойлоосун калыптандырууга жардам берет. Жаңылмачтар мектепке чейинки балдарды тарбиялоодо маанилүү куралдардын бири болуп саналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интонация, рифма, ыкма, абстракция, сыпат, көйгөй, логика.*

***Мадалиева С. А.,*** *ст. преподаватель*
*smadalieva1@gmail.com*
*ORCID: 0009-0008-8017-0566*
***Мейманбек кызы Ү.,*** *магистр*
*umutaimeimanbekeva@gmail.com*
*ORCID: 0000-0001-2345-6768*
*Ош ГПУ, г. Ош, Кыргызстан*

# ПРЕИМУЩЕСТВА ОБУЧЕНИЯ ПЕСНЯМ, ЗАГАДКАМ И СКОРОГОВОРКАМ В РАЗВИТИИ РЕЧИ РЕБЕНКА В ПОДГОТОВИТЕЛЬНЫХ ГРУППАХ К ШКОЛЕ

*Использование песен, загадок и скороговорок в подготовительных группах к школе - один из важнейших методов поддержки творческого, языкового и когнитивного развития детей. Каждый из них по отдельности влияет на психологию, чувства и мышление детей. В статье обсуждаются достижения и их полезность в подготовительных группах к школе с помощью песен, головоломок, скороговорок. Известно, что песня, загадка и скороговорки являются одними из самых полезных методов для команды по подготовке к школе. Они не только способствуют языковому, логическому и умственному развитию детей, но также помогают им усваивать моральные и этические принципы. В деятельности педагогов мы следим за тем, чтобы эти элементы предлагали широкий спектр опыта и важных знаний, а также*

*способствовали успешной социализации детей в социальной среде. В дошкольном образовании скороговорки занимают особое место. Они помогают детям развивать языковые навыки, развивать мышление и формировать творческое мышление. Скороговорки являются одним из важнейших инструментов в воспитании дошкольников.*

***Ключевые слова**: интонация, рифма, метод, абстракция, прилагательное, проблема, логика.*

***Madalieva Sa. A.**, senior lecturer*
*smadalieva1@gmail.com*
*ORCID: 0009-0008-8017-0566*
***Meymanbek kyzy U.**, master's degree*
*umutaimeimanbekeva@gmail.com*
*ORCID: 0000-0001-2345-6768*
*Osh PSU, Osh c., Kyrgyzstan*

## THE ADVANTAGES OF LEARNING SONGS, RIDDLES AND MISTAKES IN PREPARATORY GROUPS FOR SCHOOL IN FOSTERING A CHILD'S SPIRIT

*The use of songs, puzzles, and innovations in preparatory groups for school is one of the most important methods of supporting children's creative, linguistic, and cognitive development. Each of them individually affects the psychology, feelings and thinking of children. In this article, we will discuss achievements and their usefulness in preparatory groups for school through songs, puzzles, and innovations. It is known that song, mystery, and innovation are among the most useful methods for a school preparation team. They do not only contribute to the linguistic, logical and mental development of children, but also help them learn moral and ethical principles. In the work of teachers, we ensure that these elements offer a wide range of experiences and important knowledge, as well as contribute to the successful socialization of children in a social environment. Tongue-twisters have a special place in preschool education. They help children develop language skills, develop thinking skills, and form creative thinking. Innovators are one of the most important tools in preschool education.*

***Keywords:** intonation, rhyme, method, abstraction, adjective, problem, logic.*

Мектепке даярдоо тайпаларында балдардын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү үчүн ыр, табышмак жана жаңылмачтарды колдонуу чоң мааниге ээ. Бул элементтер балдардын тилдик өнүгүүсүн, логикалык ой жүгүртүүсүн жана акыл-эсинин өсүшүн жакшыртат.

Ырлар балдар үчүн ритм, рифма жана сөздөрдү үйрөнүүнүн кызыктуу жолу болуп саналат. Ырды жаттоо жана ырдоо балдардын эс тутумун күчөтүп, тилин жакшыртат. Ырлар ошондой эле балдардын креативдүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет, анткени ырдагы сөздөрдү туура колдонуу, ырдын структурасын түшүнүү жана эмоционалдык мамиле түзүү балдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет [1, 120-б.]

Көркөм окуу балдарды ырларды, күлкүлүү ырларды, бат айтмаларды, жаңылмачтарды интонацияны сактап, тыбыштарды кебинде туура айтууга үйрөтүүнү билдирет. Көп жолу кайталап көркөм окуу балага тыбыштарды шашпастан, так айтууга, көркөм чыгарманын мазмундук жагын аңдап түшүнүүгө, интонацияда мазмунга карата өзүнүн эмоционалдык мамилесин (кошо кайгыруу, жек көрүү, кубануу, сүйүнүү, түшүнө албоо, сыймыктануу ж. б.) чагылдырганга мүмкүнчүлүк берет: «Суу-суу, менин бетимди жуу», С. Луговойдун «Ачкычтар», «Коделек (такай)», «Сеня жираф», А. Бартонун «Кулун», «Биздин Таня» ырлары, «Шалгам» орус элдик жомогу, «Карышкыр менен түлкү» кыргыз элдик жомогу, К. Чуковский «Мойдодыр», А. Токомбаев «Самолет», Т. Самудинов «Коёнек», «Мамалак» А. Осмонов «Чегиртке, «Кумурска» ж. б.

Ырларды окууда балдарды көркөм форманын мазмунун жана кээ бир элементтерин: рифманы, кептин ыргактуулугун эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү маанилүү. Мисалы бул ырларды алсак:

*Тиктесең тоону, бийикти,*
*Көрөсүң андан ... (кийикти).*

*Асмандагы жылдызды*
*Бирден терип санадым.*
*Жакыныраак болсун деп*
*Тамга чыгып ... (карадым).*

*Ойнобойт балдар баткакка,*
*Кийимдерин булгабай*
*Жүрүшөт дайыма ... (таптаза).*

*Ээн талаа, токойдон*
*Эч кимдин үнү угулбайт.*
*Кулагым тосо тыңшасам,*
*Кумурска ичи ... (курулдайт).*

*Түшүнөм баарын, билемин,*
*Батинкемеден эң мурда,*
*Байпагымды ... (киемин).* [4, 126-б.]

Бул ырлардан балдар тапкычтык менен көп чекиттин ордундагы сөздөрдү тапканга аракет кылышат. Албетте, бир жолу окуп берүү жетиштүү эмес, бир нече жолу окуп бергенден кийин бала божомолдоп ар кайсы сөздү айтып атып, акыры туура жообун табат. Демек, мектепке даярдоо тайпасында ушул ыкманы тарбиячы колдонсо, сөзсүз түрдө, жемишин берет.

Табышмактар балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана абстракциясын өнүктүрүүгө жардам берет. Алар балдарга бир көйгөйдү чечүү үчүн ойлонууга, чыгармачылык жактан ойлонууга түрткү болот. Табышмак иш-аракеттеринде балдар кеңири сөз байлыгын жана тилдик түшүнүктөрүн пайдаланууга үйрөнүшөт. Ошондой эле, табышмактарды табуу балдардын изилдөөчү жана логикалык жөндөмдөрүн өнүктүрөт [3, 56-б.]

Азыркы учурда элдик табышмактарды профессионал ишмерлердин оюн-зооктору: баш катырмалар, чийме-сүрөттөр, кроссворддор, билармандар менен телекерүүчүлөрдүн беттешүүлөрү байытып, толуктап жатат. Бирок булар менен элдик табышмактардын жөнү эки башка экенин да унутууга болбойт. Табышмак балдар тарабынан дайыма оюн формасында аткарылат, ошондо гана ал чыныгы көркүнө чыгат. Мисалы, табышмак адегенде жеңилирээк, баланы курчап турган конкреттүү буюмдардан башталганы оң.

*Кичинекей медерим, жер түбүнө жетерим* (көз).
*Эки жагы эки көл, ортосунда ашуу бел* (көз, мурун).
*Үйдүн чырагы, эшиктин кулагы* (Бала, күчүк) [5, 120-б.]

Барган сайын баланын чөйрөсүнөн тээ ыраакта турган, адегенде эсине түшпөй турган, оңойлук менен моюн сунбаган заттар, кубулуштар тууралуу табышмактар айтылышы керек болот. Мына ошолордун өзү педагогикадагы дидактиканын

эрежелери менен принциптерине далма-дал келип турушу талап кылынат. Анткени алардын өзү дагы – учу-кыйыры жок узак табышмак, ар бири зирек ойду күтөт.

Эгер мурдагы табышмактар мал чарбачылыгы, үй буюм-теримдери жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүн камтыган болсо, азыркы күндө чыгарылган жаңы табышмактар тематика жагынан алган объектиси кеңири. Кайсы бир табышмактар азыркы учурдагы техника жөнүндө каймана мааниде маалымат берет. "*Бир шумкар бар учуп жүрүп элин баккан, эл сүйүп ал шумкардын канатына жылдыз таккан*" (самолёт) деген табышмак революцияга чейин оозеки эл чыгармаларынан такыр учурабайт жана ал кезде мындай табышмакты ойлоп чыгаруу мүмкүн эмес болучу. "Канатына жылдыз таккан" деген сыпаттоонун өзү эле бул табышмак советтик самолёттун элесин чагылдырып жатканын белгилеп турат. "*Огородду араласа, өзүн каз моюндуу көрөт, эңкейген жерге себелеп сууну төгөт*" (лейка), "*Өзү нан жебейт, өкүлдөп жер айдайт*"(трактор), "*Уучтаса, ундан майда, уютса, таштан катуу*" (цемент) жана башка жаңылыктар жөнүндөгү табышмактарды кездештирүүгө болот [6, 112-б.]

Жаңылмачтар баланын сөз байлыгын көбөйтөт, туура сүйлөөгө жана тилди так колдонууга үйрөтөт. Кээ бир тамгаларды жана сөздөрдү так айтууда кыйынчылыктар болсо, жаңылмачтарды кайталоо аркылуу балдар туура сүйлөөгө көнүшөт. Жаңылмачтарды жаттоо аркылуу балдардын эс тутуму өнүгөт, алар узун тексттерди жаттоого жана эсте сактоого көнүшөт. Логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө жаңылмачтардын татаал түзүлүшү балдарды ой жүгүртүүгө түртүп, логикалык байланыштарды табууга жардам берет. Балдар жаңылмачтарды айтып жатып кээде тамашалап, ката кетирип, күлүп, кызыктуу убакыт өткөрүшөт. Бул алардын эмоционалдык өнүгүүсүнө да оң таасирин тийгизет. Алар балдардын тилдик, акыл-эс жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

Жаңылмачтар – айтууга кыйын болгон уйкаш муундардын, сөздөрдүн туташ келишинин негизинде түзүлүп, ылдам айтканда жаңылып, сөздү так айта албай кала турган сөз тизмектери; фольклордук күлкүлүү чакан жанр, көбүнчө балдарга ылайыкталат, оозеки адабиятта, жазма адабиятта да кездешет. Жаңылмачтар – куюлуштурулган, уйкаштырылган, бири бирине окшош же кайра-кайра кайталанган сөздөрдүн курамы. Жаңылмачтардын башкы максаты – бирөөнүн айткан сөздөрүн дал өзүндөй кылып кайталоо. Ал эми аларды кайталоо оңой эмес, атайын жаңылып калуу үчүн ылайыктуу сөздөр тандалат.

Наристе 1-2 жашар кезде, тили чыга баштаганда ар кандай сөздөрдү «эжелеп» айтып, окшоштуруп сүйлөп, чоңдорду туурап, аларды кайталап, ушундай бир аракеттенүү, изденүү процессинде болот. Бул абал − бала үчүн белгилүү даражада анын өз курагына жараша чыгармачылык изденүүсү. Ошол изденүүсүн натыйжалуу жана таасирдүү кылуу үчүн ал билбей жаткан сөздөрдү кайра-кайра кайталатуу, сөздөрдү айтууга тилин эп келтирүү керек болот. Бул өзүнчө педагогикалык, психологиялык, лингвистикалык процесс катары ата-энени, тарбиячыны башка адамдарды кыйла эле түйшүккө салган [7, 3-б.].

Жаңылмачтар жалаң эле балдардын тилин өстүрүү милдетин аркалайт десек, алардын маанисин төмөндөткөн болобуз. Жаңылмач угуу жана айтуу процессинде балдардын дүйнө таануусу да өркүндөтүп, сөз менен иштөөдөгү, сүйлөөдөгү, жалпы эле коозудукту түшүнүүдөгү эстетикалык табити жогорулаган, сөздү издеп табуу, угуу жана кайталоо, саптарды кураштырып ыр формасына салуу маданияты калыптанган, жалпы акыл-эсинин өсүшүнө да бул жанр түрткү берген.

Ыр, табышмак жана жаңылмачтарды мектепке даярдоо тайпаларында колдонуу балдардын күнүмдүк окуусунун бир бөлүгү болуп кала берет. Тарбиячылар бул ыкмаларды белгилүү темаларга жараша колдонуп, балдардын кызыгуусун арттырып, өзүнүн билимин кеңейтүүгө жардам берет. Мындай элементтерди көндүмдөрдү үйрөнүүнүн бир бөлүгү катары пайдалануучу мугалимдер балдарга терең түшүнүктөрдү жана практикалык сабактарды бере алышат [8, 80-б.]

Ырды жаттоо жана ырдоо балдардын эс тутумун күчөтүп, тилин жакшыртат, ошондой эле балдардын креативдүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет, анткени ырдагы сөздөрдү туура колдонуу, ырдын структурасын түшүнүү жана эмоционалдык мамиле түзүү балдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

Көркөм окуу балдарды ырларды, бат айтмаларды, жаңылмачтарды интонацияны сактап, тыбыштарды кебинде туура айтууга үйрөтүүнү билдирет. Көп жолу кайталап көркөм окуу балага тыбыштарды шашпастан, так айтууга, көркөм чыгарманын мазмундук жагын аңдап түшүнүүгө, интонацияда мазмунга карата өзүнүн эмоционалдык мамилесин чагылдырганга мүмкүнчүлүк берет. Балдарга элдик чыгармалардан, жазма адабияттан алынган ырларды көркөм аткарууга үйрөтүү, аларды күнүмдүк жашоосуна сиңирүү маанилүү. Мектепке даярдоо тайпаларында балдардын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү үчүн ыр, табышмак жана жаңылмачтарды колдонуу чоң мааниге ээ. Бул элементтер балдардын тилдик өнүгүүсүн, логикалык ой жүгүртүүсүн жана акыл-эсинин өсүшүн жакшыртат.

Ырлар балдар үчүн ритм, рифма жана сөздөрдү үйрөнүүнүн кызыктуу жолу болуп саналат. Ырды жаттоо жана ырдоо балдардын эс тутумун күчөтүп, тилин жакшыртат. Ошондой эле, ырлар балдардын креативдүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет. Анткени ырдагы сөздөрдү туура колдонуу, ырдын структурасын түшүнүү жана эмоционалдык мамиле түзүү балдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

Көркөм окуу балдарды ырларды, күлкүлүү ырларды, бат айтмаларды, жаңылмачтарды интонацияны сактап, тыбыштарды туура айтууга үйрөтүүнү билдирет. Көп жолу кайталап көркөм окуу балага тыбыштарды шашпастан, так айтууга, көркөм чыгарманын мазмундук жагын аңдап түшүнүүгө, интонацияда мазмунга карата өзүнүн эмоционалдык мамилесин чагылдырганга мүмкүнчүлүк берет. Балдарга элдик чыгармалардан, жазма адабияттан алынган ырларды көркөм аткарууга үйрөтүү, аларды күнүмдүк жашоосуна сиңирүү маанилүү [9, 154-б.].

Табышмактар балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана абстракциясын өнүктүрүүгө жардам берет. Алар балдарга бир көйгөйдү чечүү үчүн ойлонууга, чыгармачылык жактан изденүүгө түрткү берет. Табышмактардын иш-аракеттеринде балдар кеңири сөз байлыгын жана тилдик түшүнүктөрүн пайдаланууга үйрөнүшөт. Ошондой эле, табышмактарды табуу балдардын изилдөөчү жана логикалык жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Азыркы учурда элдик табышмактарды профессионал ишмерлердин оюн-зооктору: баш катырмалар, чийме-сүрөттөр, кроссворддор жана башка иш-аракеттер менен байытып колдонууга мүмкүн.

Жаңылмачтар баланын сөз байлыгын өстүрөт, туура сүйлөөгө жана тилди так колдонууга үйрөтөт. Кээ бир тамгаларды жана сөздөрдү так айтууда кыйынчылыктар болсо, жаңылмачтарды кайталоо аркылуу балдар туура сүйлөөгө көнүшөт. Жаңылмачтарды жаттоо аркылуу балдардын эс тутуму өнүгөт, алар тексттерди жаттоого жана эсте сактоого көнүшөт логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө жаңылмачтардын татаал түзүлүшү балдарды ой жүгүртүүсүнө түрткү берет. Балдар жаңылмачтарды айтып жатып, кээде тамашалап, ката кетирип, күлүп, кызыктуу убакыт

өткөрүшөт. Бул алардын эмоционалдык өнүгүүсүндө да оң таасирин тийгизет. Мектепке чейинки балдардын тилин өстүрүү милдетин аркалабастан, алардын дүйнө таануусун да өркүндөтөт. Угуу жана айтуу процессинде балдардын эстетикалык табити жогорулайт, сөздү издеп табуу, угуу жана кайталоо, саптарды кураштырып ыр формасына салуу маданияты калыптанат. Ошондой эле, жалпы акыл-эсинин өсүшүнө да таасири тиет.

Ыр, табышмак жана жаңылмачтарды мектепке даярдоо тайпаларында колдонуу балдардын күнүмдүк окуусунун бир бөлүгү болуп кала берет. Тарбиячылар бул ыкмаларды белгилүү темаларга жараша колдонуп, балдардын кызыгуусун арттырып, өзүнүн билимин кеңейтүүгө жардам берет. Мындай элементтерди көндүмдөрдү үйрөнүүнүн бир бөлүгү катары пайдалануучу мугалимдер балдарга терең түшүнүктөрдү жана практикалык сабактарды бере алышат. Мектепке даярдоо балдар үчүн кызыктуу жана натыйжалуу болушу үчүн, окутуунун негизги принциптерин эске алуу маанилүү. Биринчиден, балдар табиятынан ойноо аркылуу үйрөнгөндүктөн, билим берүү процесси да оюн элементтерин камтышы керек. Ар кандай оюндар, ролдук тапшырмалар жана интерактивдүү аракеттер алардын көңүлүн буруп, сабакты жеңил жана кызыктуу кылат.

Ар бир бала өз алдынча өзгөчө өнүгүү жолуна ээ болгондуктан, жеке мамиле жасоо абдан маанилүү, бирөө тез кабыл алса, дагы бири көбүрөөк убакытты талап кылышы мүмкүн. Ошондуктан тарбиячы ар бир баланын жөндөмүнө жана ылдамдыгына жараша иш алып барып, аларды кубаттап, жардам берип турушу керек.

Билимди бекем өздөштүрүү үчүн балдар аны сезип, кармап, жасап көрүшү абзел. Теориядан сырткары практикалык аракеттерди кошуу баланын аң-сезимине тереңирээк таасир этет. Математикада саноону үйрөнүп жатканда, аларды санап эле койбостон, буюмдарды тизип, топтоп көрүү пайдалуу болот.

Андан сырткары, билим берүү комплекстүү жүргүзүлүшү зарыл, жөн гана тил же математика менен чектелбестен, чыгармачылык, дене тарбия, социалдык көндүмдөрдү да камтып, ар тараптуу өнүгүүгө шарт түзүү керек. Бир предметти экинчиси менен айкалыштыруу бала үчүн логикалык байланыштарды түшүнүүгө жана окуу процессине кызыктырууга жардам берет. Мектепке даярдоо тайпасында мындай элементтерди колдонуу аркылуу балдар өз ойлорун так жана логикалык түрдө билдирүүгө, социалдык чөйрөгө ылайыкташууга, ошондой эле чыгармачылыкка шыктанууга үйрөнүшөт. Бул элементтер балдардын тилдик жана логикалык өнүгүүсүн, акыл-эсинин өсүшүн, креативдүүлүгүн жана абстракциялык ой жүгүртүүсүн жакшыртат [10, 124-б.].

Ырлар балдардын эс тутумун күчөтүп, креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө, табышмактар болсо балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана изилдөөчү жөндөмдөрүн жакшыртууга жардам берет. Ал эми жаңылмачтар балдарды руханий баалуулуктарга, Мекенди сүйүүгө, эмгектенүүгө жана билимдүү болууга тарбиялоодо өзгөчө роль ойнойт. Алар балдардын тилдик, акыл-эс жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

Мектепке даярдоо тайпаларында балдардын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн ырлар, табышмактар жана жаңылмачтар өтө маанилүү. Бул элементтер балдардын тилдик жана логикалык өнүгүүсүн, акыл-эсинин өсүшүн, креативдүүлүгүн жана абстракциялык ой жүгүртүүсүн жакшыртат.

Мектепке даярдоо тайпаларындагы методика баланын жалпы өнүгүүсүнө багытталган. Оюн, тажрыйба жана интерактивдүү окутуу ыкмалары колдонулуп, бала мектепке интеллектуалдык, эмоционалдык жана социалдык жактан даяр болот. Бул этапта башкы максат – баланын окууга болгон кызыгуусун ойготуу жана негизги жөндөмдөрүн калыптандыруу эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, ырлар, табышмактар жана жаңылмачтар мектепке даярдоо тайпаларында колдонулуучу эң таасирдүү куралдардын бири болуп эсептелет. Алар балдардын интеллектуалдык, тилдик жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, окуу процессин кызыктуу жана натыйжалуу кылат. Тарбиячылар жана мугалимдер бул элементтерди сабак учурунда активдүү колдонуу менен, балдардын ой жүгүртүүсүн, креативдүүлүгүн жана тил байлыгын арттырып, коомдук чөйрөгө жакшыраак адаптацияланышына жардам бере алышат. Бул методдорду сабакка туура жана натыйжалуу киргизүү балдардын үйрөнүү процессине болгон кызыгуусун арттырып, билимди жеңил жана көңүлдүү жол менен өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Ошондуктан мектепке даярдоо программаларында ыр, табышмак жана жаңылмачтарды үзгүлтүксүз колдонуу абдан маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы / А. Алимбеков. - Бишкек, 1996.
2. Апышов, Б. Тарбия жараяны / Б. Апышов. –Бишкек, 2008.
3. Үкүева, Б. Уламыш, легендалар / Б. Үкүева. - Ош, 2000.
4. Самудинов, Т. Акылмандар айткан сөз / Т. Самудинов. - Бишкек, 2004.
5. Таштемиров, Ж. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки / Ж. Таштемиров, С. Байходжаев, С. Закиров. - Фрунзе, 1973.
6. Муратов, А. Үч жүз жаңылмач: балдар үчүн / А. Муратов. - Бишкек, 2014.
7. Сулайманов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы / М. Сулайманов. - Ош, 1992.
8. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/18/38
9. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/238/163